| | |
|---|---|
| **ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ** | **ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ** |
| **АСКЕР УУЛУ НУРЛАН АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ** | **СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АСКЕР УУЛУ НУРЛАН** |

# БУЙРУК

*6-апрель 2022-ж.*№ *68* Орто-Суу айылы

**2021-2022-окуу жылында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

2021-2022-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1 жана ЖРБББнын 2022-жылдын 24-мартындагы №47-0 буйругунун негизинде

**буйрук кылам:**

1. 2021-2022-окуу жылы 2022-жылдын 8-июнунда аяктасын.
2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү бекитилсин:

a. 9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин беш сабактан (анын ичинен 4 милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:
- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест – 11-июнда;
- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама - 14-июнда;
- орус тилинен комплекстүү тест – 17-июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан (оозеки) – 20-июнда;
- Биология (окуучунун тандоосу боюнча) – 22-июнда.

b. 11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак (анын ичинен төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:
- эне тили жана адабиятынан (эссе) - 11-июнда;
- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест – 14-июнда;
- орус тилинен комплекстүү тест – 20-июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан (оозеки) – 17-июнда;
- Англис тили (окуучунун тандоосу боюнча) – 23-июнда.

3. 9,11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30-майынан баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн;
4. Негизги мамлекеттик жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы саат 9 $^{00}$ дө башталсын.
5. ЖМАны өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшүндө окуу бөлүм башчысы Бейзеева Ж.К. мугалимдер жамаатын, окуучуларды жана ата-энелерди КРББжана ИМнин ЖМАны өткөрүүдө, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программалары бекитилген убактылуу жобосу менен тааныштырып, алардын так аткарылуусу милдеттендирилсин.

6. Мектептин ОТИ боюнча директордун орун басары жана УБ жетекчилери, предмет мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүшсүн жана ЖМАнын өткөрүлүшүнө жана жыйынтыктарын жалпылаштырууга көзөмөл жүргүзүшсүн.
7. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Мектептин директору Акматалиева Н.К.